КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛАСТЫ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛ ӨКМӨТҮ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
БАШ-КУУГАНДИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Баш-кууганды айылы** **2022-жылдын «05» сентябрь**

# БАШ-КУУГАНДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН XVIII—ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ ОН ЭКИНЧИ СЕССИЯСЫНЫН № 18-12/2ТОКТОМУ

Баш-Кууганды айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2022-жылга карата «Домпой Булак» ИСКАКБнын бюджетин бекитип берүү жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таза сууну натыйжалуу, сарамжалдуу колдонуу жана пайдалануу үчүн «Домпой Булак» ИСКАКБнын бюджетин бекитүү боюнча Баш-Кууганды айыл аймагынын «Домпой Булак» ИСКАКБнын төрагасы Курманов Нуркан 2021-жылдагы аткарылган иштерин жана 2022-жылда аткара турган иштери жөнүндө маалыматты угуп Баш-Кууганды айылдык Кеңешинин он экинчи сессиясы **токтом кылат:**

1. Жумгал районунун Баш-Куганды айыл аймагынын «Домпой Булак» ИСКАКБнын 2022-жылга каралган бюджети төмөндөгүдөй бекитилсин. Жалпы 2022-жылга карата түзүлгөн бюджети 337 440 (үч жүз отуз жети миң төрт жүз кырк сом) деп кабыл алынсын.
2. Үй ичине суу киргизүү үчүн уруксаат (разрешение) алуудагы төлөнүүчү сумма 5000 (беш миң) сом деп бекитилсин.
3. Үй жана көчө колонкасынан суу пайдалангандыгы үчүн тарифин бекитүү:

   -ичүүчү суу акысы көчө колонкасынан 1 (бир ) адамга 20 (жыйырма) сом деп белгиленсин.

   -үй ичинен суу ичкендиги үчүн суу акысы 1 (бир) адамга 25 (жыйырма беш) сом деп белгиленсин.
4. Бул токтомдун аткарылышы Баш-Кууганды айыл аймагынын «Домпой Булак»ИСКАКБнын төрагасы Курманов Нурканга жана комитеттин мүчөлөрүнө милдеттендирилсин.
5. Бул Токтом айыл өкмөтүнүн аппаратынан каттоодон өткөрүлүп www.gagsmsu.kg веб сайтына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Нарын облусунун юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

Каттоо номери 95

Төрага: Сайнидинов .Т.